

# 4-ТЕМА. ҮЙ-БҮЛӨЛҮК ЗОМБУЛУКТАН САКТООНУ ЖАНА КОРГООНУ ИШКЕ АШЫРГАН СУБЬЕКТТЕР

## 3-лекция. Үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо субьекттеринин ведомстволор аралык өз ара аракеттенүүсү

## КР «Үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо жөнүндө» Мыйзамы жабыр тарткан адамдарга кызмат көрсөтүүлөрдү жана жардамдарды берүү максатында, үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо субъекттеринин бири-бири менен өз ара аракеттенишүү жана маалымат алмашуу милдеттерин караштырат

Мыйзамга ылайык үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо субъекттеринин ведомстволор аралык өз ара аракеттенишүүсү бир нече деңгээлдерде ишке ашырылат:

- саясатты, мыйзамдарды жана программаларды иштеп чыгуу жолу аркылуу зомбулук көйгөйүн улуттук деңгээлде чечүү максатында министрликтердин ортосунда;
- конкреттүү жамааттарды жана конкреттүү адамдарды сактоо жана коргоо максатында үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо субъекттеринин аймактык органдарынын ортосунда жергиликтүү деңгээлде;
- мониторинг жүргүзүү, статистикалык көрсөткүчтөрдү чогултуу жана кайтарым жоопторду иштеп чыгуу максатында жергиликтүү жана улуттук деңгээлдин ортосунда.


# Ведомстволор аралык өз ара аракеттенишүү деген эмне?

**Ведомстволор аралык өз ара аракеттенишүү** - бул үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо субъекттеринин кызматташууга, коммуникацияга жана маалымат алмашууга негизделген жана үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо боюнча чараларды иштеп чыгууга жана ишке ашырууга, үй-бүлөлүк зомбулуктан жабыр тарткан адамдарга жардам көрсөтүүгө багытталган системалуу биргелешкен иши (Мыйзамдын 1-бер. 3-1-п.).

- Үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоону жана коргоону жүзөгө ашыруучу мамлекеттик органдардын ведомстволор аралык өз ара аракеттенишүүсүнүн жана алардын ишин координациялоонун тартиби Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети тарабынан аныкталат (Мыйзамдын 7-бер.5-п.).
- Жергиликтүү өзүн өзү башкаруу органдары үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоону жана коргоону жүзөгө ашыруучу субъекттерди ведомстволор аралык координациялоого жана алардын өз ара аракеттенишүүсүнө жергиликтүү деңгээлде социалдык органдарды - үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо боюнча жергиликтүү комитеттерди түзүү аркылуу, көмөк көрсөтөт (Мыйзамдын 19-бер.2-бөл. 6-п.).


# Үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо субъекттеринин улуттук деңгээлдеги өз ара аракеттенишүүсү

Коргоо жана сактоо субъекттеринин ЭСӨММ менен улуттук деңгээлдеги өз ара аракеттенишүүсү бир тараптуу болуп эсептелбейт, анткени алынган отчеттордун жана маалыматтардын негизинде ЭСӨММ көрүлгөн чаралардын натыйжалуулугуна мониторинг жана баалоо жүргүзөт, субъекттердин ишмердүүлүгүн жакшыртуу боюнча сунуштарды иштеп чыгат жана аларга сунуштамаларды жөнөтөт.



# Жабыр тарткан адамдарга үй-бүлөлүк зомбулук кырдаалынан чыгуу боюнча комплекстүү жардам көрсөтүү максатында жергиликтүү деңгээлдеги ведомстволор аралык өз ара аракеттенишүү тутуму жабыр тарткан адамдын айланасында түзүмдөшкөн






# Үй-бүлөлүк зомблуук аныкталган учурда маалымат берүү жергиликтүү деңгээлде

# Берилген коргоо ордерлери жөнүндө маалымат каякка жиберилет?

**Ички иштер органынын аймактык органы үй-бүлөлүк зомбулук окуясында убактылуу коргоо ордерин бергендиги жөнүндө 3 күндүн ичинде маалымдайт:**

**Жашы жеткен аракетке жөндөмдүү деп таанылган адамга карата**

эгерде үй-бүлөлүк зомбулуктан жабыр тарткан адам мындай маалыматты берүүдөн баш тартпаса

(25-бер. 9-бөл.)

**Сот тарабынан аракетке жөндөмсүз деп таанылган адамга**

**майыптыгы бар адамга карата**

(28-бер. 8-бөл.)

**Балдарга карата**

(28-бер. 4-бөл.)

**Үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоонун жана коргоонун башка субьекттери, анын ичинде үй-бүлөлүк зомбулук жасаган адамга жумуш берүүчү**

**Социалдык өнүктүрүүнүн аймактык органы**

**Жергиликтүү өзүн өзү башкаруу органы**

**Балдарды коргоо боюнча аймактык орган**

**Жашы жетелектердин иштери боюнча тескөөчү**